**2019-2020-окуу жылынын №8 Д.Молдогазиев атындагы Шаты жалпы орто билим берүү мектебинин өзүн-өзү баалоосу.**

**2019-2020**-окуу жылынын башында мектепте 345 окуучу билим алды. Булардын 179 кыз бала 166 эркек бала 17 класс комплекти бар.

Башталгыч класстарда баардыгы 142/80

5-9-класстардын баардыгы 152/81

10-11-класстарда 51/18

Жыл ичинде 14 окуучу келди 7 кыз бала. Билим сапаты мектеп боюнча 40% түзүп былтыркы окуу жылына салыштырганда 3% төмөндөгөн. Мисалы, анын ичинде биринчи баскычтар.

1. 1а-кл 20/11
2. 1б-кл 19/10
3. 2а-кл 20/12 36,4%
4. 2б-кл 21/9 30%
5. 3а-кл 25/15 47,3%
6. 4а-кл 18/12 52%
7. 4б-кл 19/11 41,9%

Жалпы алганда 41,9%ды түздү. Ал эми ортонку баскычта болсо,

1. 5а-кл 18/10 52,8%
2. 5б-кл 18,9% 39,6%
3. 6а-кл 18/9 46,2%
4. 6б-кл 17/10 58%
5. 7а-кл 18/11 44%
6. 7б-кл 20/10 43%
7. 8-кл 23/12 20,5%
8. 9-кл 20/10 40%


Жалпысынан алганда 43%ды түздү. Ал эми

1. 10-класс 21/9 32,9%
2. 11-класс 18/7 39%

Отличниктер 31/25
Ударниктер 86/59 Жалпы 40,1%

Ал эми төмөнкү билимди 2 баскычтан 8-класс 20,5% класс жетекчиси Нургазиева Гүльниза, класста окуучунун саны 24 анын ичинен 11 кыз бала. Билим сапаты төмөн болгон класстардын окуу процессин көзөмөлгө алуунусу зарыл. Билим сапатынын төмөн болушунун негизги себеби бул,окуучулардын сабакты себепсиз көп калтыруулары, ата-энесинин көзөмөлдүгүнүн аздыгыболуп эсептелет. Бирок класс жетекчиси бул классты жакшы көзөмөлгө алып мугалимдер жана ата-энелер менен бирдикте системалуу байланышты күчөтсө, класс алдыга жылат. Андан сырткары ата-эне, мектеп мугалимдери ыгыз байланышта болуусу керек.

| Чейрек | 1-4-класс | 5-9-класс | 10-11-класс | жалпы |
|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 41 | 32,9 | 28,4 | 34 |
| 1-чейрек | 44,5 | 40 | 33,5 | 39 |
| 1-чейрек | 41,7 | 40,7 | 35,7 | 39,3 |
| 1-чейрек | 41,7 | 42,3 | 35,7 | 39,9 |
| жылдык | 41,9 | 42,9 | 35,7 | 40,1 |
| | | | | |




Жыл ичинде аймактык жана райундук олимпиадалардан да «жакшы» ийгиликтерге жетиштик Орус тили жана адабияты сабагынан 11-класстын окуучусу Өмүралиева Алтынай аймактык олимпиададан 2-орунга ээ болуп райондук олимпиадада 2-орунга ээ болду. Мугалими Карабаева Аида Дөөткеевна . англис тили сабагынан 9-класстын окуучусу Бакашева Адинай аймактык олимпиадада 3-орунду, райондон 3-орунга ээ болду. Мугалими Молдосанов Акжол Амантурович . тарых сабагынан 10-класстын окуучусу Жекшенов кутман аймактык олимпиададан жана райондук олимпиададан 2-орунга ээ болду, мугалими Нургазиева Гульниза Шаршенбаевна. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан 11-класстын окуучусу Тобокелова керемет аймактык олимпиададан 2-орунга 3-орунга ээ болду. Мугалими Чукумбаева Жийде Жолочиевна.

Жыйынтыгында аймактан 18-орунга жана райондон 4 орунга ээ болдук. Жогоруда аты аталган мугалимдерибиздин аракетинин натыйжасында окуулары байгелүү орундарга ээ болушту.Жыл жыйынтыгында, окуучулары байгелүү орундарга ээ болгон мугалимдерди айыл өкмөтү грамота менен сыйлады жана окуучуларга Түп райондук билим берүү тарабынан грамота менен сыйлашты. Быйылкы окуу жылында 9-классты 20 окуучу анын ичинен 10 кыз бала ийгиликтүү аяктап негизги билим тууралуу күбөлүк тапшырылды.

11-классты 18-окуучу бүтүрдү жана орто билим жөнүндө аттестат алышты. Бүтүрүүчүлөрдүн 61% билим алууну жогорку окуу жайларда улантышат, алардын ичинен 22,2%-бюджеттик негизде, 38.8%-контрактык негизде.атйын орто окууу жайларында контрактык негизде 16,6% СПУ-5,5%. Ишке орношууда-16,6%

2018-2019-окуу жылында 18 бүтүрүүчүнүн ичинен 14- бүтүрүүчү ЖРТга катышып 42,8ды түздү жана төмөнкүдөй баллдарды алышты. Алар:

| № | Ф.А.А | Жалпы балл |
|---|---|---|
| 1 | Алиева Аделя | 154 |
| 2 | Өмүралиева Алтынай | 134 |
| 3 | Раисова Мирайым | 162 |
| 4 | Рыскулова Элдана | 147 |
| 5 | Тобокелова Керемет | 190 |
| 6 | Төлөнбаев Акжол | 120 |

3. **Үйрөтүү, тарбия берүү окутуу.**

Бул жыл ичинде жалпы мугалимдердин саны 29 алардын ичинен билими боюнча

1. Жогорку билимдүү-21
2. Атайы орто-8
3. Бүтпөгөн жогорку-1
4. Пенсионерлер-5,
5. Эл агартуунун отличниги-2

Мектеп мугалимдери сабактарда интерактивдүү режимде ишьеди. Мектеп боюнча 4 усулдук бирикме иш алып барат.

| № | Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси |
|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси | Абдыкалыкова Г |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикме | Шерботоева Б |
| 3 | Табигый математикалык усулдук бирикме | Карабаева А |
| 4 | Эстетикалык багытындагы усулдук бирикме | Казиева Р |

Башталгыч класстарда ачык сабактар, тарбиялык ачык сааттар өтүлүп өз убагында жетекчиси тарабынан текшерилип турду. Ар бир чейрек аягында окуучулардын билим сапатын аныктоочу тесттер, жат жазуулар, текшерүү иштери алынды. Окуучулардын каллиографиясына жана окуу техникасына көп көнүл бурулду. Окуу техникасы боюнча нормасына жетпей калган окуучулар талапка жооп берүүчү дегээлге жеткирүү үчүн тынымсыз иш жүргүзүлүп турушту. Башталгыч класстын мугалимдери»келгиле окуйлу» долбоорундагы баардык инновациялык методдорду колдонуу менен ачык сабактарды өтүп беришти. Мисалы «жашынган тамгалар», «сөз дубалы», «табышмактуу сүрөт». Башталгыч класстын мугалимдери бул долбоордогунтерактивдүү методдорду жакшы өздөштүрдү.

Ал эми, табигый математикалык бирикменин жетекчиси Шерботоева Бурулкан Калыевна өзүнө текшерүү предметтик мугалимдеринин документтерин өз убагында текшерип, баалап семинарларга, декадаларга активдүү катышып келишти. Ошондой эле ишенби күндөрү атайын түзүлгөн расписания боюнча мугалимдер мене ниш алып барышууда. Олимпиадага, ЖРТга да окуучуларды үзгүлтүксүз даярдашат.

Спорт боюнча токтоло кетсем быйылкы окуу жылында окуучуларыбыз спорттук мелдештерге ьарып аймактан, райондн, областан байгелүү орундарга ээ болуп келишти.каракол шаарындагы балдар өспүрүмдөр спорт мектебинин волейбол боюнча ачык биринчилигинде эркек балдар арасында 3-орунга ээ болушту. Женил атлетика боюнча областан 10-класстын окуучусу Алмазова Айпери 1-орунду ээледи. Маданий-спорттук иш чаралардын жыйынтыгынын негизинде райондогу мектептердин ичинен 1-орунду ээлешти

## 4. Мектептеги климат жана ички эрежелер

Мектептин педагогикалык, окуучулар,ата-энелер жааматты мектептин этикалык кодексин сакташат. Бири-бирин сыйлоо, көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүү анын негизи. Конфликтүү учурлар биргиликтүү конфликтер боюнча комиссия менен чечилет.
Мектепте окуучулар менен иштөө иштерин соц.педагог жана уюштуруучу бирдикте иш алып барышат.
Бардык класстардын класс жетекчилери мектептин тарбиялык иштер боюнча уюштуруучусу менен бирдикте он багыт менен иш план түзүп жаан иш пландын негизинде класстык сааттарды , диспут, тегерек стол, ж.б. өтүшөт.
Мектепте ата-энелер менен иштөө жакшы жолго коюлган. Жыл сайын ата-энелердин сабакка катышуу декадасы өткөрүлүп турат.Ата-энелердин арыз, даттанууларын жазуу үчүн атайын журнал уюштурулган. Окуучулар үчүн ишеним кутучасы түзүлгөн.
Мектеп билим берүү мыйзамынын 6,7жаштан 17 жашка чейинки балдарды кабыл алат. Мектепке кабыл алууда окуучунун ата-энеси же алардын ордун алмаштыруучу адамдар тарабынан мектеп директоруна арыз жазылып алынат. Мектепке кабыл алууда окуучунун өздүк документтери толук болууга тийиш (туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү, ОМС, медсправка). 1-класска кабыл алуу учүн мектеп директорунун буйругу менен медико-педагогикалык комиссиянын

курамы бекитилет. Мектеп окуучуларынын формасы ата-энелердин чогулушунун 2017-жылдын 13-сентябрындагы №1 протоколу менен бирдиктүү форма кабыл алынган.

Окуу жылынын аягында төмөндөгүдөй тартипте өндүрүштүк практика өткөрүлөт.

5-7-класстарга күнүнө 3 сааттан,

8-класстарга 4 сааттан,

10-класстарга 6 сааттан,

Билим берүү жана илим министрлигинин Жобосуна ылайык бутүрүү аттестациясы өткөрүлөт.

9-класстар үчүн 2-17-июнь аралыгында

11-класстар үчүн 2-24-июнь аралыгында

Июнь айында бүтүрүү кечесинде орто билими тууралуу күбөлүк, жетилүү аттестаты тапшырылат.Өз билимдерин көтөрүүсү боюнча мугалимдер 5 жылда бир гана жолу көтөрүүгө мүмкүнчүлүк алат. Мектептеги мугалимдердин 16,5% же 5 мугалим, жаш мугалимдер болуп, алардын бай усулдук тажрыйбаларынын жетишсиздиги жалпы окуу билим сапатына өз таасирин тийгизүүдө. Жылына мугалимдерди педагогикалык-психологиялык деңгээлдери боюнча өз билимин көтөрүү боюнча тесттер алынып турат. Жалпы педагогикалык жамааттын ар бир мугалимдеринин профессионалдык деңгээлин көтөрүү, курстар, семинар, тренингдерди өткөрүп туруу мектеп администрациясы жана усулдук бирикмелердин негизги маселелери болуп кала бермекчи. Педагогикалык кенештерде директор алдындагы кенеште сапаттуу билим берүүгө багытталган маселелер коюлуп жыл ичинде пландын негизинде ачык сабактар, декадалар өткөрүлдү. Мындан сырткары класстан сырткаркы иштер, викториналар, КВН диспут, талкуу ж.б. бардыкпредметтер боюнча өткөрүлөт.

2018-2019-окуу жылынына карата өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун концепциясын иш жузунө ашыруунун негизинде тарбиялык жылдык иш планы тузулуп, мектеп директору тарабынан бекитилди. Мектепте 17 класс комплекти бар, класстарга класс жетекчилер,кабинеттер бекитилип берилди. Ар бир класс жетекчиге тарбиялык иш пландар тааныштырылып,тарбиялык журналга иш пландар толугу менен жазылып,журналдар толтурулду. Жылдык пландын негизинде айлык пландар тузулду. Балдардын ден соолугун чындоо максатында жуманын ар бир куну саат 7 «50»до спорттук көнүгүү жасалат. Жуманын биринчи куну окуучулардын жетишүү, катышуунун жыйынтыгы, мектептин ар кандай иш чараларынын жыйынтыктары чыгарылып, активдуу катышкан окуучулар белгиленип, кезметтеги класстар өз кезметин өткөрүп берет. Ар бир класс кабинеттерде класстык бурч, ден-соолук бурчу, коопсуздук эрежелер, окуучунун милдеттери илинип, жазылып иреттелди. Ата-энелердин жалпы мектеп боюнча 4 жолу чогулушу болуп өтүлдү. Ата-энелердин чогулушу башталганга чейинки убакта ата-эне жана окуучу менен биргеликте мугалимдердин жетекчилиги астында кызыктуу иш чаралар өтүлөт. Окуучулардын ата-энелер менен класс жетекчилер тыгыз байланышта иштешет. Ата-энелер учун «Ачык эшик күнү жумасына бир жолу болуп турат. Тарбиялык сааттарда ата-энелер келип катышып; биргеликте көйгөйлөрду чечишет. Тарбиялык иштердин негизги багыттары боюнча иш жургузулду. Планга коюлган ар кандай темадагы иш чаралар өз убагында өткөрүлүп турат. Дал ушундай патриот окуучуларды жаратып, калыптандырып, өстүрүп чыгаруу таалим тарбия берүүчү мугалимдердин башкы максат-мүдөөсү, милдети болуусу талапка ылайык.

Октябрь айында «Өзүн-өзү башкаруу» айлыгында ар түрдүү иш чаралар өтүлдү. «Эн мыкты класс» 4а-класс,класс жетекчиси Омүрзакова А, «Мыкты окуучу»-Тобокелова 11-класс, «Эн жашыл класс» 6б-класс кл.жетекчиси Исмаилканова Г, «Эн мыкты класстык бурч» кл.жетекчиси Карабаева

6а-класс, «Ынтымактуу класс» 4б-класс кл.жетекчиси Иманалиева Ж, «Эн таза класс» 10-класс кл.жетекчиси УраимовР. ИДНдин инспекторлору менен 6-11-класстар арасында жолугушуу өткөрүлдү. Окуучуларды сергек жашоого тарбиялоодо прафилактикалык иш чаралар өтүлдү. Жугуштуу оорууларлдын алдын алуу боюнча ар бир клаасстар арасында жат жазуу, дилбаяндар, тарбиялык сааттар өтүлдү. Өрнөктүү, өнөрлүү кадыр барктуу инсандар менен жолугушуу 7а,б-класс арасында өтүлдү.Класс жетекчилери Казиева, Шерботоева Б. «Улууга урмат,кичүүгө ызат»деген темасында соц.педагог Бектенова кызыктуу тегерек стол өттү.СПИД-кылымдын кайгысы-деген темасында 29-ноябрь күнү 6а.б-класстар арасында спорттук эстафета болду. Эстафетада «Ден соолук» жана «Аккула» командасы катышты. 1-орунга 6б-класс 47 упай менен утушка ээ болду.Кл.жетекчиси Исмаилканова Г.. Кол өнөрчүлүк сынагы райондук денгээлде болуп,андан алдынкы орундарга ээ болуп,областтык кол өнөрчүлөрдүн кароо сынагына катышып келишти. Мектептин жаны жылдык «Балаты»майрамы өтүлдү.Бул жалпы иш чарага 1-11-класстар катышты.1-4- класстар арасынан 4а-класс 1-орунга кл.жетекчиси Омурзакова А,5-7-класстар арасында орун берилген жок. Анкени бул класстардын балаты майрамы бал маскарад сыяктуу кылып өткөрдүк. Окуучулар абдан активдүү катышты. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 4б-классынын кл.жетекчиси Иманалиева Ж ,6а-классынын кл.жетекчиси Карабаева Аиданын жана 11-класстын класс жетекчиси Чукумбаева Жийделердин иштеген иштери белгиленди.

Мектепте 2018-2019-окуу жылыа карата «Ата-энелер мектебинин» жарым жылдык иш планы түзүлдү. Бул пландын максаты ата-энелер менен мектептин байланышын өрчүтүү болуп саналат. План боюнча ар бир айга семинар, тегерек стол, тренинг, лекциялар каралган. Февраль айнда «Ымыркай мезгилден 7 жашка чейинки курактагы өзгөчөлүктөрү» деген темада, майрт айында «Балдардаы китеп окууга кызыктыруу жана бала менен бирге окуу» деген темада китеп каначы Исмаилканова Г, Мисалы,соц.педагог Бектенова Назира эжей «Окуучу эмне үчүн сабакка кечигет, сабакты калтырат» деген темасындагы семинар өттү. Уюштурулган семинарлар өз коюлган максатына жеттишти. Семинарларга ата-энелер жакшы катышышты.

Райондук балдар жана өспүрүмдөр уюмунан келген буйруктардын барысы өз убагында өтүлүп маалыматтары берилип турду. Мектепте 4 акы төлөнүүчү кружоктор бар. Алар «Волейбол» катышкан окуучулардын саны 16, жетекчиси Ураимов Р, «Жаш конструктор» катышкан окуучулардын саны 15, жетекчиси Аманкулов К, «Чебер колдор» катышкан окуучулардын саны 16, жетекчиси Казиева Р, «Жаш муун» катышкан окуучулардын саны 16, жетекчиси Кабаев К. бул кружокторго мектептен бары болуп 59 окуучу катышат. Кружоктордун бир жылдык планы түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилген. Кружокко катышкан окуучулар өз багыттары боюнча райондук, областык ар кандай сынактарга, мелдештерге катышып орун алып жүрүштү.

Уюштурууучулук кызматка жаңы бекигениме байланыштуу кээ бир иштер толук ишке ашырылбай калды. Булар окуучулардын мектепке форма менен келүүсү, сабакка кечигүүсү, тарбиялык сааттардын өтүлүшү. Озүн-өзү башкаруу уюмунун окуучулары менен иштер толук аткарылган жок. Алар мектеп парламентинин пакаларынын жоктугу, пландын аздыгы, протоколдордун жазылышы ж. б.

2019-2020-окуу жылында өткөн окуу жылындагы кеткен кемчиликтерди толук аткарып, жакшы жетишкендиктерге жетебиз деп ойлойм.

## 5. ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу

Ушул окуу жылында башкаруу системасынын реформасы жүргүзүлдү. жылдын башында 7 адамдан турган мектептин командасы түзүлдү. мектеп директору, директордун орун басары, ММБнын жетекчиси камкорчулар кенешинин өкүлү, мектептин парламентинин өкүлү, мектептин директорунун буйругу менен МК пландаштыруу менен бир канча иш чараларды өткөрдү. окуучулар , ата-энелер, мугалимдер үчүн анкеталар иштелип чыгып директордун орун басарларынын ММб нин жетекчилеринин китепканачынын тематикалык отчеттору, окуучулардын жетишкендиктери талданып кээ бир окуучулар ата-энелер мугалимдер менен маектешүү жүргүзүлдү. негизги окуу формалары ОШ-1 РИК жетишүү матрицасы мектептин отчеттук картасы талданды. жыйынтыгында мектептин күчтүү алсыз жактары көйгөйлөрү аныкталды, аларды чечүү боюнча ата-энелер окуучулардын, мугалимдердин пикирлери угулду.